ПРАВО УКУК LAW

УДК: 342.1(575.2) (04)

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯСЫ АВТОРИТЕТТҮҮ МАМЛЕКЕТТИН ФУНДАМЕНТАЛДЫК УКУКТУК НЕГИЗИ

**Ч.И Арабаев,**
юридика илимдеринин доктору,
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиги

# КОНСТИТУЦИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ КАК ФУНДАМЕНТАЛЬНАЯ ПРАВОВАЯ ОСНОВА АВТОРИТЕТНОГО ГОСУДАРСТВА

**Ч.И Арабаев,**
доктор юридических наук,
академик Национальной академии наук
Кыргызской Республики

# THE CONSTITUTION IS THE BASIC STRUCTURE OF KYRGYZSTAN AUTHORITY STATE

**Ch. I. Arabaev,**
Ph.D., academician of the National Academy of Sciences
of the Kyrgyz Republic

**Аннотация**. Макалада дүйнөлүк коомдук кайра куруунун шарттарында азыркы конституциялык өнүгүүнүн негизги проблемалары; авторитеттүү мамлекеттин негизги белгилери жана андагы Конституциянын орду талданат; азыркы татаал шарттарда Кыргыз Республикасынын мындан аркы конституциялык өнүгүшүнүн жолдору аныкталат. Макалада жакынкы келечекте Конституцияда каралган милдеттерди ишке ашыруунун укуктук механизмдерин жаңыртуу, тез өзгөрүп жаткан заманбап шарттарда коомдук мамилелерди конституциялык жөнгө салуунун критерийлерин илимий жактан аныктоо келечектүү болууга тийиш экендиги - алдыга коюлган максат.

**Негизги сөздөр**: конституция, конституциялык механизмдер, конституциялык өнүгүү, укук, укуктук жөнгө салуу, укуктук нигилизм, авторитеттүү мамлекет.

**Аннотация.** В статье раскрываются основные проблемы современного конституционного развития в условиях глобальной общественной трансформации; анализируются основные признаки авторитетного государства и место в нем Конституции; раскрываются пути дальнейшего конституционного развития Кыргызской Республики в непростых современных условиях. Выдвигается тезис о том, что на ближайшее будущее перспективным должно стать обновление правовых механизмов реализации задач Конституции, научное определение критериев конституционного регулирования общественных отношений в современных быстро меняющихся условиях.

**Ключевые слова:** конституция, конституционные механизмы, конституционное развитие, право, правовое регулирование, правовой нигилизм, авторитетное государство.

**Annotation.** The article reveals the main problems of modern constitutional development in the conditions of global social transformation; the main features of an authoritative state and the place of the Constitution in it are analyzed; the ways of further constitutional development of Kyrgyzstan in difficult modern conditions are revealed. The thesis is put forward that for the near future, the renewal of the legal mechanisms for implementing the tasks of the Constitution, the scientific determination of the criteria for the constitutional regulation of social relations in modern rapidly changing conditions should be promising.

**Keywords**: constitution, constitutional mechanisms, constitutional development, law, legal regulation, legal nihilism, authoritative state.

2021-жылдын 5-майында кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясы [1] кыргыз мамлекетинин укуктук негиздерин бекемдеп, кыргыз коомунун саясий-социалдык көрүнүшүн, көз карандысыз, эгемендүү, демократиялык, унитардык, укуктук, светтик жана социалдык өнүгүү жолдорун аныктады. Министрлер кабинетинин төрагасы 2024-жылдын 31-майында Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин жыйынында сүйлөп жатып: "Бүгүн биз мыйзамдын үстөмдүгүнө, жарандардын укуктарын сактоого жана алардын жыргалчылыгын камсыз кылууга негизделген авторитеттүү мамлекет куруп жатабыз", деп белгиледи [2].

Авторитеттүү мамлекет мыйзам ченемдүү бир нече өзгөчөлүккө ээ:

1. Күчтүү институттар жана укуктук система, б.а., мамлекетте жарандардын туруктуулугун, укуктарын коргоону камсыз кылган көз карандысыз институттардын, сот тутумунун жана укуктук ченемдердин болушу.

2. Тактык жана ачыктык. Авторитеттүү мамлекеттер өз иш-аракеттеринде ачык жана коррупцияны жоюнун мүмкүнчүлүктөрүн алдын алуу чараларын иштеп чыгат.

3. Натыйжалуу башкаруу. Мамлекет жарандарынын коопсуздугун, экономикалык өнүгүүсүн, социалдык корголуш муктаждыктарын камсыздай алат.

4. Экономикалык туруктуулук. Авторитеттүү мамлекеттерде экономика туруктуу өнүгүп, жарандардын саясий-экономикалык жыргалчылыгын камсыз кылууга жөндөмдүү.

5. Адам укуктарын урматтоо жана сыйлоо. Авторитеттүү мамлекет жарандарынын укуктарын коргоп, мыйзам алдында теңдигин камсыз кылат.

6. Эл аралык таануу жана урматтоо. Авторитеттүү мамлекет башка өлкөлөрдүн жана эл аралык уюмдардын урмат-сыйына ээ.

Авторитеттүү мамлекетте конституция мамлекеттин өнүгүшүнүн негизги фундаменти гана болбостон, ишенимдүү бийлик мейкиндигин камсыз кылат, жарандардын укуктарын, эркиндиктерин коргойт, ошондой эле бийликти бөлүштүрүү таянымын бекемдейт. Конституция бийлик органдарынын, кызмат адамдарынын милдеттерин чынчыл, натыйжалуу аткарышын камсыз кылуу үчүн жоопкерчилик механизмдерин караштырат жана конституциялык таянымдар бийликтин тең салмактуулугун, мамлекетте туруктуулукту камсыз кылууга шарт түзөт. Ошол эле учурда глобалдык саясий-социалдык кайра куруулар конституциялык өнүгүү үчүн көптөгөн жаңы чакырыктарды жаратууда. Бул биринчи кезекте маалыматтык технологиялардын тез өнүгүшүнө байланыштуу. Конституция заманбап саясий технологиялардын процессинде укуктук реалдуулукта кандай болуп «көрүнүшү» мүмкүн? Аны жаңы шарттарга ылайыкташтыруу үчүн кайсы стратегиялар жана тактикалар эң ылайыктуу? [3, б.18].

Көптөгөн юридикалык тармактагы илимпоздор үчүн жогоруда коюлган суроо актуалдуу, жооп издөөдө конституциялык практиканы жөнгө салуу авторитеттүү мамлекетти модернизациялоо үчүн чоң мааниге ээ. Тилекке каршы, Батыш өлкөлөрүндө жүргүзүлгөн илимий байкоолордун жыйынтыгында мыйзам жана укуктук жөнгө салуу мурунку жылдардагыдай зарыл идеология-

лык жана социалдык макамга ээ болбой калгандыгы айдан ачык.

Бир катар терс тенденциялардын айрымдарын атап өтсөк:

1. Укукту жапырт дегуманизациялоо, ошол эле учурда аны инфан-тилизациялоо, б.а., укук субъекттеринин курамына жаратылыш объекттерин, өсүмдүктөрдү, жаныбарларды, жансыз нерселерди (анын ичинде роботторду), санариптик объекттерди ж. б. киргизүү [3, 18-б.]. Экинчи жагынан, жасалма интеллектке жеке укуктарды берүү чакырыктары барган сайын күчөп барат. Мисалы, учурда Европарламенттин укуктук маселелер боюнча комитетинин отчетунда эң мыкты роботторду жана жасалма интеллектти белгилүү бир укуктар жана милдеттер менен «электрондук ИНСАН» деген өзгөчө макамдуу укуктук талааны камсыздоо маселеси кызуу талкууланып, жасалма интеллектиге «эркиндик укугун» кепилдөө сунушталууда.

Батыш өлкөлөрүнүн юристтери муну адамзаттын келечеги менен байланышкан өтө маанилүү маселе деп эсептешет [4]. Россиянын Конституциялык сотунун төрагасы В.Зорькин: «Жасалма интеллектиге жеке жактын же юридикалык жактын окшоштугун берүү, чындыгында, адамдын инсандыгы негизделген «табигый жана жасалма», «тирүү жана жансыздар» жана «биологиялык жана механикалык» каршылыктарды жок кылат", деп белгилейт [4].

Менимче, Батыш өлкөлөрүндө жайылып жаткан бул процесс укук идеясынын авторитетин жогорулатууну көздөбөй, тескерисинче, ал Жер планетасында орнотулган дүйнөнүн рационалдуу образын жок кылат.

2. Дагы бир маанилүү маселе – адамдын генетикалык түзүлүшүнө эксперименттерди жүргүзүү. Батыш өлкөлөрүндө, адамдын фенотиптик белгилерин өзгөртүү максатында, ДНК ырааттуулугун алып таштоо жана киргизүү, адамдын генине жасалма интеллектини (медициналык максатта дагы) имплантациялоону камтыган CRISPR технологиясын колдонуу күч алууда жана тездик менен өнүгүүгө багыт алды.

Мындай радикалдуу өзгөрүүлөргө мыйзам актылар жооп берүүгө үлгүрбөй жатканда «тайманбас» эксперименттер кандайча бүтөөрүнө эч ким так жооп бере албайт деген ойдомун. Анткени, бүгүнкү күндө эл аралык, улуттук мыйзам актыларда аныктала турган алкак жок.

Адам организмине чиптердин, механикалык тутумдардын ар кандай түрлөрүн имплантациялоонун алгылыктуу алкагын конституциялык деңгээлде бекемдөө маселеси актуалдуу. Бул туурасында В. Зоркин: «Жасалма интеллектти укуктук жактан жөнгө салуу, айрыкча конституциялык укук, каймана мааниде айтканда, жасалма интеллектини колдонууга алып келүүчү тобокелдиктерден терең деңгээлде коргонуу керек. Жасалма интеллектини ишке ашырууну терең, конституциялык-укуктук талдоо, бардык мүмкүнчүлүктөрдү жана кесепеттерди карап чыгуу керек», - дейт[4].

3. Заманбап укуктун өнүгүүсүнүн терс тенденциясы - кээ бир мамлекеттер тарабынан экономикалык жана геосаясий кызыкчылыктарды илгерилетүү каражаты катары тандалма методунун колдонулушунун натыйжасында эл аралык укуктун кадыр-баркынын төмөндөшү [3, 18-б.].

Айрым эл аралык интеграциялык түзүлүштөрдө, Европа Биримдигинде конституциялык жөнгө салуунун иерархиялуулугу ачык байкалып турат, келечекте бул Брюсселде кабыл алынган улуттук конституциялардын ченемдеринин аракетине бөгөт койгон кырдаалды түзүшү мүмкүн.

4. Коомду технологиялаштыруунун өсүшүнө байланыштуу көптөгөн укуктук көйгөйлөр пайда болууда, биринчи кезекте - мобилдик байланыш каражаттарында, социалдык тармактарда, Интернетте жарандардын жеке маалыматтарын купуялуулукка жана укуктук коргоого байланыштуу көйгөйлөр. Булардын баары жеке маалыматтарды чогултуу, сактоо жана пайдалануу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

Маалыматтык технологиялардын өнүгүшү менен киберчабуулдар, кибершпионаж, кибербуллинг ж.б.у.с. кылмыштардын

жаңы түрлөрүнүн келип чыгышына байланыштуу маселени жаратат. Ошондой эле татаал маселе технологиялык монополизмдин глобалдык деңгээлде бекемделип жаткандыгына да байланыштуу.

Айрым технологиялык компаниялар жогорку деңгээлде таасирдүү болуп, өнүгүп келе жаткан мамлекеттердин саясатына, экономикасына олуттуу таасирин тийгизиши мүмкүндүгү, маалыматтык чөйрөнү мыйзамдаштырып укуктук жактан жөнгө салууда, коопсуздукту камсыз кылуу зарылдыгында курч суроолорду жаратат. Глобалдаштыруу шартында кээ бир өлкөлөр санариптик жарандыкты киргизүү жөнүндөгү маселени талкуулай башташты, башкача айтканда, онлайн-чөйрөдө жарандыктын укуктарын, милдеттерин камсыздоо.

Демек, Өлкөбүздүн баш мыйзамы - Конституция маалыматтык технологиялардын өнүгүшү аркылуу пайда болгон, санариптик мейкиндикте коопсуздукту камсыз кылууга жана ошондой эле технологиялык монополизмдин глобалдык деңгээлде бекемделип жаткандыгына байланыштуу коркунучтарга каршы турууга ылайыкташтырылышы абзел деген сунуш актуалдуу.

5.Маалыматтык-коммуникациялык технологияларды өнүктүрүү жаштардын жарандык укукка болгон мамилесин өзгөртүп, укуктук нигилизм күн санап өсүүдө. Азыркы коомдо анын келип чыгышынын бир нече себептери бар. Негизги себеби жаш муундардын укуктук сабаттуулугунун жоктугуна байланыштуу.

Өлкөбүздөгү орто мектептеринин 5-9-класстары үчүн «Адам жана коом» предмети боюнча окуу стандарттарында Конституциянын негиздерин үйрөнүү 8-класста өспүрүмдүн био-психосоциалдык табиятын терең изилдегенден кийин (окуу программасында: сүйүү, үй-бүлө, нике, эркек жана аял маселелери) гана башталат [4].

Маалыматка жетүү кенен жана ар тараптуу болгон маалыматтык коомдо айрым жаштарга мыйзам актыларынын бардык аспектилерин түшүнүү кыйынга турат, бул мыйзам актыларынын маанилүүлүгүн түшүнбөөгө же баалабоого алып келет. Ар кандай социалдык тармактардагы же субкультуралардагы чөйрөдө мыйзам актыларына карата терс мамиле кеңири жайылган болсо, социалдык топтордун таасирин жокко чыгаруу мүмкүн эмес. Ошон үчүн жаштарга коомдун туруктуулугу жана өнүгүүсү үчүн мыйзам актылардын, укуктук ченемдердин маанилүүлүгүн түшүнүүгө жардам бере турган бардык шарттарды түзүү өтө маанилүү.

Тактап айтканда, укуктук нигилизмди жоюу үчүн жарандар менен өз ара мамилелер тутумун түзүү зарыл, өзгөчө алыскы жана калк аз жашаган райондордо жашаган тургундарга укуктук документтердин, алар жөнүндө маалыматтардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу маанилүү.

Бул жерде Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 8-февралындагы Жарлыгынан цитата келтирүү туура болот: «Кыргыз Республикасынын ар бир жараны өлкөнүн Конституциясынын духун жана маанисин жакшы билиши керек. Конституцияны урматтоо жана сактоо жана анын маанисин түшүнүү менен гана биз өз өлкөбүздү, өз мекенибизди, Кыргызстан элдеринин баалуулугун урматтайбыз жана өлкөбүздүн өнүгүшүнө, коомдук ынтымакка, тынчтыкка жана бейпилдикке жетише алабыз» [7].

Аталган жарлыкты турмушка ашыруу үчүн совет учурундагыдай эле «Билим» коомунун профессионал юристтеринин көчмө лекторияларын өлкөнүн ар кайсы бурчунда жандандыруу жакшы болмок. Ушул эле багытта Юстиция министрлигинин алдында виртуалдык «Конституция Музейин» түзүү жана 3D форматында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ролу жана маанисине арналган видео, хроника, фотосүрөттөрдү, документтерди көрсөтүү маанилүү деп эсептейм. Жогорку звенодогу бардык мамлекеттик кызматкерлердин ант берүү аземин эл алдында өткөрүү аркылуу Конституциянын маанилүүлүгүнө калктын көңүлүн буруу зарыл. Бул өлкөнүн президенти үчүн гана эмес, бардык мамлекеттик

кызматкерлер, саясий ишмерлер жана соттор үчүн да маанилүү болушу керек, алар конституциялык таянымдар менен сөзсүз таанышып, ага ылайык иш алып барышы абзел. Мындай азем Конституцияны урматтоону жана анын эл арасында маанилүүлүгүн бекемдөөгө жардам берет, ошондой эле конституциялык укуктар жана эркиндиктер жөнүндө калктын маалымдуулугун пайдалануу үчүн кошумча курал катары колдонулушу да мүмкүн.

Элибиздин конституциялык сабаттуулугун жогорулатуу демократиялык институттарды бекемдөө жана жарандардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо багытында маанилүү кадам болуп саналат. Бул пункт сөзсүз түрдө Конституцияда өз жолун табышы керек деп ойлойм, мындай иштерди алып баруу билим берүү мекемелери, мамлекеттик органдар жана жалпы коомчулук тарабынан олуттуу күч-аракетти талап кылат.

Конституция жаран менен мамлекеттин өз ара мамилелеринин эрежелерин белгилеген, мыйзамсыз мажбурлоонун бардык түрлөрүнөн коргогон негизги саясий укуктук мыйзам катары жакынкы келечекте өз миссиясын сактап калат деп ишенүүгө толук негиз бар. Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун өз учурунда: «Биз жердин чок ортосунда, цивилизациялардын кесилишинде жана түрдүү маданияттардын чырмалышында жашайбыз. Ошондуктан биз кыргыз иденттүүлүгү аркылуу өз жолубузду, башкача айтканда, экономикалык өнүгүүнүн өздүк моделин табышыбыз керек» [8] деп айтканы учурда өлкөбүздөгү өзгөчө план болууга тийиш.

Мамлекет башчы көрсөткөн максаттар өнүгүүнүн жеке жолун издеп, тандоодо эң натыйжалуу инструмент, ишенимдүү таяныч Кыргыз Республикасынын Конституциясынын алкагында гана чечилиши керек.

Өлкөнүн негизги мыйзамы - Кыргызстанды өнүктүрүүнүн ири масштабдуу стратегиялык программаларын жана концепцияларын түзүүгө көмөктөшө турган негизги булак; өнөр жайдагы, айыл чарбасындагы, мамлекеттик башкаруудагы, тышкы соодадагы, экологиялык коопсуздуктагы, санариптештирүүдөгү ж. б. инновациялык технологияларды киргизүү үчүн укуктук талаа.

2021-жылы кабыл алынган Конституция биздин укуктук чөйрөбүздө көпкө сакталат деп ишенгибиз келет. Анткени, туруктуу укуктук тутуму бар кадыр-барктуу мамлекеттерде Конституция массалык аң-сезимде дээрлик ыйык макамга ээ болору жалпыга маалым. Ушул себептен миң жылдык тарыхы бар кээ бир өлкөлөр жаңы социалдык кырдаал талап кылганда гана өтө сейрек учурларда негизги укуктарды фундаменталдуу кайра карап чыгышат.

Бардык башка учурларда, жергиликтүү өзгөртүүлөргө же ар кандай кошумча шарттарга байланыштуу негизги конституциялык жоболорду кеңири чечмелөө аркылуу кабыл алынбайт же такталбайт. Кыргызстанда эгемендик жылдарында, тилекке каршы, Конституциянын бардык редакцияларында түшүндүрмө комментарийлер өтө аз жарыяланган. Ошондой эле Конституциялык соттун сот практикасында ар тараптуу жалпылоо да өтө сейрек, жокко эсе деп айтсак да ашыкча болбойт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын келечеги жөнүндө ой жүгүртсөк, ал жакынкы жылдарда өзгөрүүсүз калышы мүмкүн эмес, анткени геосаясий чөйрөдөгү абал биздин өлкөгө таасирин тийгизбейт деп айтуу мүмкүн эмес. Мындай учурда Конституцияны жаңылоо менен өзгөртүү коомдук мамилелердин, мамлекеттик жана укуктук институттардын бүткүл чөйрөсүнө түз же кыйыр таасирин тийгизерин эске алуу да зарыл. Ошондуктан ар кандай өзгөрүүлөргө кылдаттык менен мамиле кылуу керек.

Жогоруда айтылгандардын баары туруктуу конституциялык процесске артыкчылык берүү менен Конституциялык өзгөрүүлөргө тең салмактуу жана кылдат мамиле жасоо жөнүндө корутунду чыгарууга мүмкүндүк берет. Айрыкча, көп жылдар бою Конституциянын жаңы текстинин үстүндө иштеп келген мыйзам долбоорун даярдоочулардын